№ 419
11 октября 22

К.Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде 2022-жылдын 5-сентябрынан 5- октябрына чейинки аралыкта "Кырсыктардын тобокелдигин азайтуу" күнүнө карата аткарылган иш-чаралар боюнча маалымат

К.Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде Кырсыктардын тобокелдигин азайтуу күнүнө карата төмөнкү иштер аткарылды. ТИ боюнча директордун орун басары бул күндү өткөрүү боюнча класс жетекчилерге маалымат берип, планын түздү.

Класс жетекчилер 1-11-класска чейинки окуучуларга "Коопсуз мектеп" деген темада орт,суу, жол коопсуздугу жана башка кырсыктар жөнүндө ачык тарбиялык сабактарды өтүштү.Сабакта мугалимдер окуучуларга бул кырсыктар жана анын кооптуулугу, келип чыгышынын себептери, алдын-алуу иш- аракеттери боюнча кеңири түшүнүк беришти.

9-11-классын класс жетекчилери "Кырсыктардын тобокелдигин азайтуу күнүнө" карата маалыматтык атайын стенд даярдашты. Стендке жол, орт, суу коопсуздуктары жана башка кырсыктар боюнча сүроттор, алдын алуу эрежелери илинди.

Мектепте "Куткаруучу" темасына арналган"Эң мыкты сүрөт" конкурсу уюштурулду. Конкурска 1-6- классын окуучулары катышты. Балдар өзгөчө кырдаал учурундагы куткаруучунун сүрөтүн тартышты. Сүрөт сабагынан берген мугалим Талгарбекова Асел жана башталгыч классын мугалими Сыдыгалиева Гүлнара тартылган сүрөттөрдүн тартылышына, маанисине көңүл буруп, "Эң мыкты" тартылган сүрөт деп төмөнкү балдардын эмгегин табышты.

1-орун "Эң мыкты сүрөт" Тюгельбаев Аурдин 5-А класс
2- орун Таалайбекова Бегимай 6-класс. Маликов Бекбол 1-А класс
3- орун Тюгельбаев Нуртилек 4-класс.

"Эң мыкты эссе" конкурсун кыргыз тил сабагынан берген мугалимдер өткөрүштү. Окуучулар өзгөчө кырдаалдарды, орт коопсуздугундагы, суу коопсуздугундагы өспүрүм балдардын ролу боюнча эссе жазышты. Бул конкурска 9-10-11-классын окуучулары катышты. Жазган окуучулардын иштерин мугалимдер текшеришип, "эң мыкты эссе" деп төмөнкү окуучулардын эмгегин табышты.

"Эң мыкты эссе"

1-орун Салдатова Адина 11-класс.
2-орун. Сатаркулова Мээрим 9-класс.

"Эң мыкты сүрөт",Эң мыкты эссе" конкурсун жеңген окуучулар мактоо баракчасы менен сыйланышты. "Кырсыктардын тоболкелдигин" азайтуу күнүнө карата өзгөчө кырдаалдарды алын алууга багытталган флешмоб тартылды. Флешмобго 2-11-классын окуучулары катышты. Катышкан классар жол коопсуздугу, орт коопсуздугу, суу коопсуздугу боюнча алдын алууга багытталган эрежелер, эскертүүчү белгилер жөнүндө видео тартышты.Видео интернет булактарына жүктөлдү.

3-октябрда "Биз кырсыктардын тобокелдигин азайтабыз" деген ураан менен жоо жүрүш өткөрүлдү. Жүрүшкө 6-11-классын окуучулары катышты. Окуучулар бул кырсыктарды азайтууга карата өз колдору менен жазган эрежелерин, тарткан сүрөттөрүн көтөрүштү. Жоо жүрүш Чоң- Далы айылынын Марс, Күроцкеев кочосундо жүргүзүлдү. Жоо жүрүш боюнча тартылган видео интернет булактарына жүктөлдү.

ТИ боюнча директордун орун басары: Карыбекова А.Э